«САЛЫШТЫРМА ТИПОЛОГИЯ»
боюнча ТИПТҮҮ ПРОГРАММА

Багыты: 550300 «Филологиялык билим берүү»
Профили: “Чет (немис) тили”
Академиялык даражы: бакалавр
Түзүүчү: Дербишалиева Г.Ж.– ага окутуучу

Мазмуну:

I. МЕТОДИКАЛЫК УЮШТУРУУ БӨЛҮМҮ
I.1Дисциплинанын максаты жана тапшырмасы
I.2Дисциплинанын адистик, жогорку билим берүү структурасындагы орду
I.3Дисциплинанын мазмунун өздөштүрүүдөгү талаптар
I.4Дисциплинанын көлөмү жана окуу иштеринин түрлөрү
I.5Текшерүүнүн формалары
I.6Дисциплинанын технологиялык картасы
II. ОКУУ ПРОГРАММАСЫНЫН МАЗМУНУ
II.1 Дисциплинанын бөлүмдөрүнүн мазмуну
II.3 Студенттердин өз алдынча иш алып баруусу боюнча суроолор жана тапшырмалар
III. Дисциплинаны өздөштүрүү боюнча баалоо каражаттары
III. 1 Проекттердин темалары
III. 2 Экзамендерге карата суроолор
IV. Билим берүү технологиялары
IV.1 Окуу-методикалык: негизги жана кошумча адабияттар.
IV.2 Дисциплинанын маалыматтык жана материалдык-техникалык жабдылуусу
IV.3 Дисциплинанын материалдык-техникалык жабдылуусу

.

Киришүү

Жумуриятыбыздын жогорку окуу жайларынын немис тили боюнча адистерди даярдоочу факультеттеринде 30 жылдан ашуун окутулуп келе жаткан “немис жана кыргыз тилдеринин салыштырма типологиясы” курсу үчүн алигиче атайын программа иштелип чыга элек, аталган сабак боюнча дарстарды окушта немис жана орус тилдеринин салыштырма типологиясынын программасы пайдаланылып келинген.

Жыйырма жылдан бери өзүбүз өткөрүп келе жаткан лекциялардын жана практикалык сабактардын жыйынтыктары, лекция окуу жана практикалык сабак өтүү боюнча тажырыйбалар ушул программаны иштеп чыгыш үчүн негиз жана чоң таяныч болду.

Чет тилдерди окутуучу факультеттерин аяктоочу курсунда окулуп, “Немис жана кыргыз тилдеринин салыштырма типологиясы” студенттерге теориялык билим беришти жыйынтыктайт. Кыргыз тилинин практикалык курсу, немис тилинин фонетикасы жана фонологиясы, грамматикасы, лексикологиясы, немис тилин окутуу усулу, немис тилинин стилистикасы, “Тил илимине киришүү”, “Германистикага (герман филологиясы) киришүү” боюнча студенттердин алган билимине, илимий түшүнүктөрүнө таянат.

“Немис жана кыргыз тилдеринин салыштырма типологиясы” курсу 42 саатка эсептелген, 24 сааты лекциялык, 18 сааты практикалык сабактар. Эгер студенттердин жалпы билим деңгээлине ылайык келсе, кафедранын чечими менен бүтүм чыгарып, курсту немис тилинде өткөрсө да болот, демейде аталган курс студенттердин эне тилинде – кыргыз тилинде окутулат.

Немис тилин кыргыз студенттерине окуп үйрөтүштө алардын эне тилин таптаза четтетип салышка мүмкүн эмес, баары бир ар убактан бир убак кыргыз тилине таянычка, кыргыз тилине кайрылышка туура келет. Ошондуктан “Немис жана кыргыз тилдеринин салыштырма типологиясы” окутуштун **негизги максаты** – кыргыз студенттерине немис тилин аң-сезимдүүлүктүн негизинде окутуп үйрөтүштө немис жана кыргыз тилдеринин структураларындагы шайкештик жана айырмачылык кубулуштарын теориялык жана практикалык түрдө өздөштүрүп, аларды эске алып, ошол кубулуштар боюнча илимий караштарды талдап, студенттерди тилдин типология боюнча илимий изилдөө иштерине тартууда.

“Немис жана кыргыз тилдеринин салыштырма типологиясы” курсунда буга чейинки өтүлгөн сабактардан өздөштүрүлгөн теориялык жана практикалык билимдер жөн гана кайталанышпайт, курстун структурасы эки тилдин тилдик бирдиктерин өз ара салыштырышка, аларды илимий-практикалык жактан талдашка жана жыйынтык чыгарышка багытталган. Эки тилдеги тилдик бирдиктерди өз ара салыштыруу бир жагынан ар бир тилдеги ар түркүн кубулуштарды илимий-теориялык жана практикалык билимдерди иш жүзүндө колдоно билиште турат, мына ушул эки жагдайдан немис тилин

окутуп үйрөтүш усулу келип чыгат эмеспи, анткени немис тилин окутушта анын бирдиктерин семантизациялап түшүндүрүштүн эң бир **негизги ыкмасы** мына ушунда.

Программада ар бир тил өз алдынча структуралык система катары алынып, немис жана кыргыз тилдеринин салыштырма типологиясынын негизги маселелери программага камтылды жана ошону менен бирге эки тилдик структуралык өзгөчөлүктөрүн өз ара типологиялык жактан салыштырып чыгышты программа талап кылат. Бирок маселенин мындай коюлушу программанын бардык бөлүктөрү лекциялык курстарда толук бойдон чагылдырылыш керек дегенге жатпайт, лекциялардын жана практикалык сабактардын пландарын иштеп чыгышта бүтүрүүчү курстун студенттери "Немис тилинин теориялык грамматикасы", "Немис тилинин теориялык фонетикасы" , "Немис тилинин лексикологиясы" боюнча алышкан билимдерин эстеринен чыгарыша элек экенин көңүлгө алыш дурус. Мына ушул жагдайдын өзү эле аталган сабактарга тиешелүү илимий маалыматтарды коен-жатагына дейре талдап отурушту талап кылбайт, ар бир лекциянын темасын, планын иштеп чыгышта программа жөн гана көрсөтмө каражат болуп саналат, лекциялардын жана практикалык сабактардын пландарын иштеп чыгышта ар бир лекторго, окутуучуга эркиндик берилет, ал эми программа жалпы багыт берүүчү **усулдук каражат,** лекциялардын жана практикалык сабактардын темалары жана пландары программага камтылган маселелердин негизинде түзүлүшөт, бул ар бир адистин илимий деңгээлине, билимине тиешелүү. Программа салыштырма типология боюнча дарс окуган жана практикалык сабак өткөн адистер үчүн усулдук колдонмо болуп саналат.

Салыштырма типология курсу өзүнөн мурда окутулган сабактардын жыйынтыктарына таянгандыктан ар бир лекциянын башталышында ошол тема боюнча илимий маалыматтарды эске түшүрүп, ошол материалдарды кайталап чыгышты студенттерден талап кылышты сунуш кылабыз, ошондо гана мурда өздөштүрүлгөн билимдерди ыгы менен пайдаланышка болот.

Салыштырма типология боюнча дарс окуган жана практикалык сабак өткөн адистер үчүн программа догматикалык көрсөтмөлөр жыйнагы эмес, өз илимий деңгээлине жана студенттердин билим жагдайына карап, программада коюлган талаптарды өзгөртсө болот, программалык материалдардын берилиш иретин, темаларды бөлүштүрүүнү да жагдайга карата иштеп чыкса болот. Ал эми программада көрсөтүлгөн сааттардын бөлүштүрүлүшү үлгү болуп саналат. Кай бир темаларды ылайыгына карап, атайын курс окуш үчүн бөлүштүрсө болот, мындай темалар катары "Тилдердин морфологиялык структураларынын типологиясы" , "Немис жана кыргыз тилдеринин тыбыштык типологиясы", "Немис жана кыргыз тилдериндеги этиштердин ыңгай жана модалдуулук маселелери" ж.б. көрсөтүшкө болот.

Немис тилин окуп үйрөтүш үчүн өтө зарыл катары эсептелген темаларды дарстарда жана практикалык сабактарда толугураак талдап чыгыш сунуш кылынат. Мына ушундай темаларды жана материалдарды салыштырып чыгышта атайын жыйынтыктар чыгарылат, немис тилинин фонетикалык жана фонологиялык, грамматикалык жана лексикалык кай бир татаал маселелерин кыргыз окуучуларына тезирээк жана эффективдүү үйрөтүш үчүн ар түркүн усулдук сунуштарды иштеп чыгышка программа багыт берет, бирок программа немис тилин окутуштун усулдук программасы эмес экенин эстен чыгарышка болбойт, ошондуктан ар бир тема боюнча усулдук сунуштун айланасында көп сөз кылыштан сак болушту эскерте кетебиз, анткени – немис жана кыргыз тилдеринин салыштырма типологиясы немис тилин окутуш усулу эмес, бул өз алдынча илимий- теориялык жана практикалык атайын сабак.

Немис жана кыргыз тилдеринин салыштырма типологиясынын алдында төмөнкүчө илимий-теориялык жана практикалык маселелер турат.

1. Салыштырма типологиянын багыттары жана бөлүктөрү, алардын илимий-теориялык жана практикалык жоболору,
2. Салыштырма типологиянын жана тилдик тилдик типологиянын багыттарынын, бөлүктөрүнүн ич арасындагы карым-катыштык байланыштар,
3. Өз ара тектештиктери жок тилдерди типологиялык жактан салыштырып талдоодогу илимий жана практикалык ыкмалар, аларды немис жана кыргыз тилдерин типологиялык салыштырууда колдонуу.
4. Ар бир темага, анын мазмунуна ылайык немис жана кыргыз тилдеринин структуралык бирдиктерине, алардын өзгөчөлүктөрүнө ылайык теориялык көз караштар, аларды сын көз менен караш жана талдаш,
5. Илимий көз караштарды мына ушундайча талдоонун натыйжасында ар бир маселе боюнча өз алдынча жыйынтык чыгарышка умтулуш, ошонун негизинде студенттерди илимий изилдөө ишин жүргүзүшкө багыттап, машыктырыш,
6. Ар бир тема боюнча атайын илимий адабияттарды, адабий көз караштарды талдап, ошонун натыйжасында студенттерди курстук иш, реферат, дипломдук (бакалаврдык, магистрлик) иштерди аткарышка тартып, жол көрсөтүш, илимий жактан жетекчиликке алыш (албетте, бул маселе салыштырма типология боюнча дарс окуган жана практикалык сабак өткөн адистин илимий деңгээлине байланыштуу).

“Немис жана кыргыз тилдеринин салыштырма типологиясы” курсун төмөнкүчө үч бөлүккө жүргүзүшкө болот:

1. Төмөнкү курстарда эле студенттердин илимий ийримдеринде салыштырма типологиянын элементтерин колдонуп, илимий иш жүргүзүштү, илимий докладдарды, маалыматтарды жасашты студенттерге сунуш кылса болот. “Тил илимине киришүү” “Немис тилинин теориялык фонетикасы” , “Немис тилинин лексикологиясы”, “Немис тилинин теориялык грамматикасы”

боюнча дарстарда жана практикалык сабактарда типологиянын ылайыктуу кай бир маселелерин камтый кеткен дурус, ошол маселелер боюнча курстук иштерди аткарышты сунуш кылса болот. Мына ушуну **“Немис жана кыргыз тилдеринин салыштырма типологиясынын” башталгыч бөлүгү** дейбиз.

2. Ал эми аяктоочу курста “Немис жана кыргыз тилдеринин салыштырма типологиясы” боюнча атайын системалык курс өтүлөт, муну “ Кыргыз мектептеринде немис тилин окутушун лингвистикалык негиздери” деген атайын курс же атайын семинар менен шайкеш өткөрүү дурус натыйжа берет (мындай атайын курсту же атайын семинарды акыркы семестрде өткөрүш максатка ылайык) муну **“Немис жана кыргыз тилдеринин салыштырма типологиясынын” негизги курсу** дейбиз.

3. Немис тили боюнча мамлекеттик сыноону “Немис жана кыргыз тилдеринин салыштырма типологиясы” менен байланыштырса болот, сыноо баракчасына ушул курс боюнча бир суроо жазып койсо, жаман болбойт. Кай бир студенттер немис жана кыргыз тилдеринин салыштырма типологиясы боюнча дипломдук (бакалаврдык) иш жазышып, аларды мамлекеттик сынак тобунун алдында коргоп чыгышса болот. Ал эми илимий изилдөө ишине өзгөчө жөндөмдүүлүк көрсөтүшкөн бүтүрүүчүлөргө салыштырма типология боюнча магистрдик диссертация жазуу сунуш кылынат, муну **аяктоочу бөлүк** десек болот.

Дисциплинанын технологиялык картасы

Дисциплинанын аталышы	**Денгээли/баскычы (бакалавриат/магистратура)**	**зачеттук бирдиктин саны/кредиттер**	**Текшерууну формасы**	**Курс, семестр**
Салыштырма типология	**бакалавриат**	**4**	**Экзамен**	**4-курс 1-2 жарым жылдык**

Базалык модуль (дисциплина боюнча билимин текшеруу)				
Аттестациялык иштин темасы жана тапшырмасы	**Жүрүп жаткан аттестациянын түрлөрү**	**Аудиториялык же аудиториялык эмес.**	**Баллдын минималдык саны**	**Баллдын максималдык саны**
Семинарларда жооп берүүсү	**Семинарларда жооп берүү**	**класстык**	**30**	**40**

	жана тапшырмалар ды аткаруу			
Өз алдынча иштерди аткаруусу(реферат жазуу, берилген темалар боюнча проекттик иштерди аткаруу)	**Студенттердин жеке иш алып баруусу боюнча аткарган иштери**	**Студенттердин жеке иш алып баруусу боюнта аткарган иштери**	**5**	**15**
Негизги темалар боюнча тушунуктор	**Текшеруу иштери, тестирлөө**	**аудиториялык же аудиториялык эмес**	**25**	**30**
Итого:			**60**	**85**

Кошумча модуль				
Аттестациялык иштин темасы жана тапшырмасы	**Аттестациялык иштин түрлөрү**	**аудиториялык же аудиториялык эмес**	**Баллдын минималдык саны**	**Баллдын максималдык саны**
Проект, лекциялардын бөлүктөрүн презентациялоо.	Ооз эки жооп	**аудиториялык**	4	10
Сабакка келүүсү	Сабакка катышуусу	**аудиториялык**	1	5
Жыйынтыгы:			5	15
Жалпы жыйынтыгы:			65	100

“Немис жана кыргыз тилдеринин салыштырма типологиясы” боюнча сааттарды бөлүштүрүү үлгүсү.

№	**Негизги темалар, алардын бөлүктөрү**	**Теориялык дарстар**	**Практикалык**

			сабактар
1	Салыштырма типологиянын жалпы теориялык маселелери	1+1	1
2	Салыштырма типологиядагы изморфизм жана алломорфизм маселелери. Салыштырма типологиядагы “үлгү тил” түшүнүгү.	1+1	1
3	Тилдердин салыштырма типологиясынын өсүп-өнүгүп, илимий жактан калыптанышы туурасында кыскача тарыхый маалымат.	1+1	1+1
4	Немис жана кыргыз тилдеринин тыбыштык типологиясы. Фонетикалык жана фонологиялык типология, эки тилдин фонемалык системалары. Үндүү жана үнсүз фонемалар.	1+1	1+1
5	Немис жана кыргыз тилдеринин морфологиялык системаларын салыштыруу. Эки тилдин морфологиялык бирдиктери жана аларды типологиялык салыштыруу.	1+1	1+1
6	Сөз жана сөз түркүмдөр типологиясы. Немис жана кыргыз тилдеринин негизги сөз түркүмдөрүнүн грамматикалык категорияларын типологиялык жактан салыштыруу.	1+1	1+1
7	Немис жана кыргыз тилдеринин синтаксистик типологиясы. Эки тилдин синтаксистик курулуштарын салыштыруу.	1+1	1+1
8	Немис жана кыргыз тилдеринин сөз тутумдарынын типологиясы. Немис жана кыргыз тилдериндеги сөз тутумдарынын структуралык-семантикалык түрлөрү, алардын типологиялык салыштыруу.	1+1	1+1
9	Немис жана кыргыз тилдериндеги сүйлөм структураларынын типологиясы. Сүйлөмдөрдү топтоштуруу типологиясы. Сүйлөмдүн коммуникативдик түрлөрүнүн типологиясы. Жөнөкөй сүйлөмдөр, жайылма сүйлөмдөр, кошмо сүйлөмдөр, алардын түрлөрүнүн типологиясы.	1+1	1+1

10	Немис жана кыргыз тилдеринин лексикалык системаларынын салыштырма типологиясы. Эки тилдеги сөз жасаш ыктарын салыштыруу, сөз жасоо каражаттарынын типологиясы	1+1	1+1
11	Немис жана кыргыз тилдериндеги сөздөрдүн семантикалык топторунун типологиясы.	1+1	1+1
12	Немис жана кыргыз тилдеринин салыштырма типологиясы боюнча жалпы жыйынтыктар	1+1	1+1
	Баардыгы:	24 саат	22 саат

Программа

Кириш бөлүмү.

1. Салыштырма типология – жалпы тил илиминин тармагы. Тилдердин курулушунун жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрү, ар бир тилдин системасындагы структуралык бөтөнчүлүктөр. Тилдердин системалык түзүлүшүндөгү шайкештиктер жана тилдердеги ошол шайкеш кубулуштарды салыштыруу маселеси. Тилдерди типологиялык жактан топтоштуруштун морфологиялык негиздери. Тилдердин типологиялык топтору жөнүндөгү жоболор, аларды талдоо маселеси.

2. Эки тилдин системалык түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрүн типологиялык жактан салыштырып, илмий жана практикалык жактан талдоо маселеси. Тилдердин салыштырма типологиясы жана анын жалпы тилине карата катыштык байланышы. Салыштырма типологиянын негизги багыттары: Лингвистикалык универсалийлер, салыштырма типологиядагы үлгү тил маселеси. Тилдердин системалык ички түзүлүшүнүн бөтөнчүлүктөрүн ар тараптан жана ар кандай ыкма менен салыштырып – салыштырма типологиядагы негизги маселе. Тилдерди типологиялык салыштырууда алардын системалык ички түзүлүшүнүн бирдиктерин илимий жактан талдап, мүнөздөө. Тилдик бирдиктерди типологиялык салыштырыш үчүн иргөө.

3. Тилдерди типологиялык салыштыруудагы илимий-усулдук негизги ыкмалар. Тилдерди типологиялык салыштырышта алардын синхрониялык жана диахрониялык өзгөчөлүктөрүн эске алыш. Үлгү тилдин тилдик бирдиктеринин салыштырма типологиядагы мааниси жана алган орду. Немис жана кыргыз тилдерин типологиялык салыштырыш үчүн алардын бирдиктерин иргөө. Тилдин системалык ички түзүлүшүн айрым бөлүктөрү же иерархиялары, алардын ич аралык карым катыштык байланыштары, б.а. парадигматикалык жана синтагматикалык катыштар, аларды типологиялык жактан салыштырыш

ыкмалары. Парадигматикалык жана синтагматикалык катыштардагы ички маанилер жана аларды типологиялык салыштырыш үчүн иргөө, ошол ички катыштык маанилерди типологиялык салыштыруу ыкмалары жана багыттары.

4. Студенттерди адистик жана кесиптик даярдоодо немис жана кыргыз тилдеринин салыштырма типологиясынын мааниси жана алган орду. Салыштырма типология жана студенттерге теориялык жана практикалык билим берүү. Салыштырма типология, анын немис тилин окутуш усулу менен карым-катышы. Немис тилин окутушдагы интерференциялык кубулуштарды четтетиш үчүн салыштырма типологиянын мааниси. Немис жана кыргыз тилдеринин салыштырма типологиясы боюнча дарстарда, практикалык сабактарда студенттерге теориялык билим берүү жана аларды илимий изилдөө иштерин жүргүзүшкө тартуу.

5. Салыштырма типологиянын тил илимин өз алдынча багыты катары калыптанышы туурасында кыскача тарыхый маалымат. Салыштырма типологиянын илимий багыт катары келип чыгышынын тарыхый шарттары, себептери жана негиздери. Тилдердин салыштырма типологиясына алгачкы чыйыр салган илимпоздор. Тарыхый-салыштырма тил илими – салыштырма типологиянын пайдубалы. Салыштырма типологиянын калыптаныш мезгилин чектерге бөлүштүрүү маселеси. 55 кылымга чейинки салыштырма типологиясы. Салыштырма типологиянын 55 кылымда өсүп-өнүгүшү, типологиянын азыркы абалы. Кыргыз салыштырма типологиясы туурасында кыскача маалымат, анын азыркы өсүп-өнүгүш багыттары, алдыда турган маселелери.

Негизги бөлүм

1.Немис жана кыргыз тилдеринин тыбыштык түзүлүштөрүнүн салыштырма типологиясы

1. Немис жана кыргыз тилдеринин тыбыштык түзүлүштөрүн типологиялык салыштырышка киришүү. Тилдердин тыбыштык түзүлүштөрүн салыштырышта фонетикалык жана фонологиялык типология маселелери. Эки тилдин тыбыштык түзүлүштөрүн салыштырыш үчүн фонетикалык жана фонологиялык бирдиктерди иргөө, аларды иликтеп тактоо. Немис жана кыргыз тилдеринин тыбыштык түзүлүштөрүнүн өзгөчөлүктөрү, алардагы жалпы шайкештиктер жана айырмачылыктар. Немис жана кыргыз тилдеринин суперсегменттик кубулуштары, алардын бөтөнчүлүктөрү.

2. Немис жана кыргыз тилдеринин фонемалар системаларынын өзгөчөлүктөрү. Немис жана кыргыз тилдеринин үндүү жана үнсүз фонемалары, алардын сандык жана сапаттык өзгөчөлүктөрүнүн салыштырма типологиясы. Немис жана кыргыз тилдеринин үндүү жана үнсүз фонемаларын өзгөчө белгилерине карата топтоштуруу. Немис тилинин үнсүз фонемаларынын дайыма каткалаң айтылышы, кыргыз тилиндеги үнсүз фонемалардын каткалаң

жана жумшак жуптары. Немис тилиндеги үндүү фонемалардын күчтүү дем менен айтылышы, мындай өзгөчөлүктүн кыргыз тилине жат көрүнүш экендиги. Кыргыз тилинин үндүү фонемаларынын сөздүн уңгусуна карай эрчишүүсү, б.а. сингармонизм кубулушу, немис тилине мындай кубулуштун жат көрүнүш экендиги. Немис жана кыргыз тилдериндеги үнсүз жана үндүү фонемалардын ич араларындагы айырмачылыктар.

3. немис жана кыргыз тилдериндеги аллофондук кубулуштар. Немис жана кыргыз тилдеринин фонемалары, алардын аллофондору. Немис жана кыргыз фонемаларынын бейтараптык абалга айланыш өзгөчөлүктөрү, бейтараптык абалдагы фонемалардын колдонулуш шарттары, б.а. фонемалардын бейтараптанышынын шарттары. Немис жана кыргыз тилдериндеги фонемалардын ассимиляциялык, диссимиляциялык жана аккомодациялык кубулуштары. Немис тилиндеги кай бир үндүү фонемалардын кыскарып кетиши, кыргыз тилиндеги үндүү фонемалардын түшүп калыш шарттары. Үнсүз фонемалар жана алардын аллофондору. Немис тилиндеги үнсүз фонемалардын дайыма каткалаң айтылышы, кыргыз тилиндеги үнсүз фонемалардын үндүү фонемаларга ылайыкташып, жумшак жана каткалаң болушу. Немис тилинин фонемаларынын туура айтылышы үйрөтүү жана немис фонемаларын туура айтышка машыгуу маселелери.

4. Немис жана кыргыз тилдеринин фонологиялык системалардындагы просодикалык бирдиктер. Немис жана кыргыз тилдериндеги сөздүк басым, анын эки тилдеги өзгөчөлүктөрү. Немис тилиндеги сөздөргө басымдын түшүшүнүн сөздөрдүн жана морфемалардын маанилерине ылайыкталынышы, басым түшкөн жана басым түшпөгөн муундардын өзгөчөлүктөрү. Немис жана кыргыз тилдериндеги сүйлөө ыргактары, алардын ар бир тилдеги өзгөчөлүктөрү. Немис тилинде туура сүйлөш үчүн сүйлөө ыргактарын иргөө, алардын үлгүлөрүн ыгы менен колдонуш жана немис тилин окутуп үйрөтүш маселелери.

2. Немис жана кыргыз тилдеринин морфологиялык түзүлүштөрүн типологиялык салыштыруу.

1. Немис жана кыргыз тилдеринин морфологиялык түзүлүштөрүн салыштырышта үлгү тилдин морфологиялык бирдиктерин иргөө. Кош өлчөмдүк тилдик бирдиктер болгон морфемаларды жана сөздөрдүн морфологиялык структураларын (түзүлүштөрүн) салыштыруу. Эки тилдеги морфемалардын жана сөздөрдүн морфологиялык түзүлүштөрүнүн өзгөчөлүктөрү, морфемалардын, сөздөрдүн жана алардын морфологиялык түрлөрүнүн эки тилдеги топтору. Немис жана кыргыз тилдериндеги грамматикалык категориялар.

2. Немис тилиндеги зат атоочтордун белгилүүлүк жана белгисиздик категориясы жана кыргыз тилинде ага шайкеш келчү кубулуштар. Белгилүүлүк жана белгисиздик категориясынын немис тилиндеги

грамматикалык жана семантикалык мүнөзү, кыргыз тилинде лексикалык-семантикалык мүнөзү жана белгилүүлүктү жана белгисиздикти туюндуруучу кыргыз тилиндеги грамматикалык каражаттар. Немис тилинин белгилүү жана белгисиз артикилдеринин колдонулушу жана маанилери боюнча аларга кыргыз тилинде шайкеш келчү каражаттар менен типологиялык салыштыруу. Немис тилинин белгилүү жана белгисиз артикилдердин колдонуш татаалдыгы жана ага машыктырыш усулуна карата пикирлер.

3. немис зат атоочторунун грамматикалык түр (род) категориясы. Немис зат атоочторун грамматикалык түрлөргө ыйгарылышында зат атоочтордун лексика-семантикалык топторунун ролу, грамматикалык түрлөрдү туюндуруучу каражаттар. Немис зат атоочторунун түр категориясын грамматикалык семантикалык категория катары кароо маселеси. Кыргыз тилиндеги жандуу зат атоочтордун түрлөргө бөлүнүшү жана анын немис зат атоочторунун грамматикалык түр категориясына анча-мынча шайкеш келиши, кыргыз ж.б. түрк тилдериндеги зат атоочтордун грамматикалык түр категориясынын таптаза жоктугу туурасындагы илимий көз карашты сындоо.

4. немис жана кыргыз тилдериндеги этиштик системалар. Эки тилдеги этиштердин жалпы мүнөзү жана алардын структуралык, семантикалык мүнөздөрү боюнча айырмачылыктары. Этиштердин парадигмалык жана синтагматикалык катыштары. Немис жана кыргыз тилдериндеги этиш формаларынын синтетикалык жана аналитикалык (жөнөкөй жана татаал) түрлөрү. Кыргыз тилиндеги этиштердин грамматикалык формаларынын агглютинативдик ыкма менен жасалышы. Этиш сөздөрдүн эки тилдеги атоочтуктарынын жасалыш ыктары, атоочтуктардын колдонулуш бөтөнчүлүктөрү. Немис жана кыргыз этиштеринин грамматикалык категориялар системасы.

5. немис жана кыргыз тилдериндеги этиштердин чактарынын типологиясы. Немис жана кыргыз тилдериндеги этиштердин чак категориясынын аныктамалары. Этиштин чактарын синтаксистик категория катары кароо жана валенттүүлүк маселеси. Немис жана кыргыз тилиндеги этиштердин чак маанилеринин туюндурулуш маселеси, чактардын жасалышында колдонулчу грамматикалык жана лексикалык каражаттар. Этиштердин чак категориясы менен түр категориясынын катыштык байланышы. Немис жана кыргыз тилдериндеги чак системаларынын типологиясы. Немис тилиндеги этиштердин абсолюттук жана катыштык чактары, кыргыз тилинде шайкеш келчү чактар.

6. этиштин мамиле категориясынын типологиясы. Этиштин мамиле категориясынын немис жана кыргыз тилдериндеги жалпы мааниси, аны эки тилде туюнтуучу каражаттар. Немис тилиндеги этиштик мамиленин эки түрү, ошол эки түрдүн колдонулуш өзгөчөлүктөрү. Кыргыз тилиндеги этиштик мамилелердин көп түрдүүлүгү, немис жана кыргыз тилдериндеги этиштик

мамилелердин түрлөрүнүн маанилерин типологиялык салыштыруу. Немис тилиндеги этиштик мамиленин эки түрү – актив жана пассивдин маанилерине кыргыз тилинде шайкеш келчү каражаттар, пассивдик түзүлүштүн түрлөрүн кыргыз тилиндеги аларга маанилеш этиш формалары менен салыштыруу. Немис тилиндеги этиштик пассивдин түзүлүшүндөгү үч мүчө - агенс, пациенс, этиштик кыймыл аракет, аларга маанилеш келчү кыргыз тилинин каражаттары. Немис тилиндеги этиштик пассивдин түрлөрүнүн түзүлүштөрүн кыргыз окуучулары тарабынан өздөштүрүлүш маселеси.

7. Этиштин ыңгай категориясы жана модалдуулук маселеси. Ыңгай категориясынын эки тилдеги жалпы мааниси жана анын категориясына карата катышы. Немис тилиндеги этиштердин конңюктив ыңгайы анын чактарынын колдонулушу боюнча эки тобу, немис тилиндеги конңюктивдин чактарына шайкеш келчү кыргыз этиштеринин чактары, ыңгайлары. Немис жана кыргыз тилдериндеги этиштик ыңгайлар жана этиштик модалдуулук, этиштик модалдуулукту туюндуруучу тилдик каражаттарды типологиялык салыштыруу. Немис тилиндеги этиштердин конңюктив чактарын колдонушту кыргыз окуучуларына жеткире түшүндүрүш усулуна карата.

3.Синтаксистик типология

1. Тилдин синтаксистик курулушу, тилдик типология үчүн тилдин синтаксистик курулушунун мааниси. Немис жана кыргыз тилдериндеги сөздөрдү сүйлөм тизмегинде өз ара байланыштыруучу синтаксистик каражаттардын типологиясы. Немис жана кыргыз тилдериндеги сөз тутумдарынын түзүлүш өзгөчөлүктөрүн типологиялык салыштырыш. Сөз тутумдарына кирүүчү сөздөрдүн өз ара байланыш ыктарынын эки тилдеги түрлөрү. Немис жана кыргыз тилдериндеги сөз тутумдарынын түзүлүш өзгөчөлүктөрүн типологиялык салыштырыш. Сөз тутумдарына кирүүчү сөздөрдүн өз ара байланыш ыктарынын эки тилдеги түрлөрү. Немис жана кыргыз тилдериндеги сөз тутумдарынын синтаксистик жана семантикалык түрлөрү. Эки тилдеги ээлик, баяндоочтук, атрибутивдик, обекьтивдик жана адвербиалдык сөз тутумдарынын типологиясы.

2. немис жана кыргыз тилдеринин сүйлөм мүчөлөрүнүн типологиясы. Немис жана кыргыз тилдеринде ээ менен баяндоочтун өз ара тутумдашыш өзгөчөлүктөрүн салыштыруу. Эки тилдеги ээнин жана баяндоочтун структуралык-семантикалык түрлөрү, айкындооч мүчөлөрдүн – аныктоочтун бышыктоочтун жана толуктоочтун семантикалык – структуралык түрлөрү, аларды типологиялык салыштыруу.

3. немис жана кыргыз тилдериндеги сүйлөмдөрдүн салыштырма типологиясы. Немис жана кыргыз тилдериндеги сүйлөмдөрүндө сөз тизмектери, алардын түрлөрү. Немис жана кыргыз тилдеринин сүйлөмдөрүнүн ички жана тышкы структуралары. Эки тилдин жөнөкөй сүйлөмдөрүнүн өзгөчөлүктөрү:

а) Немис сүйлөмдөрүнүн кош мүчөлүгү жана кыргыз сүйлөмдөрүнүн бир мүчөлүү болушу, жуп мүчөлүүлүк жана жалкы мүчөлүүлүк. Немис сүйлөмдөрүнүн этиштик мүнөзү жана кыргыз сүйлөмдөрүнүн атоочтук түзүлүштө болушу.

б) Немис тилиндеги сүйлөмдөрдүн синтаксистик жактан толук болуш өзгөчөлүгү, кемтик сүйлөмдөрдүн колдонулушу. Кыргыз сүйлөмдөрүнүн толук жана кемтик болушу, толук жана кемтик сүйлөмдөр. Немис жана кыргыз тилдериндеги сүйлөмдөрдүн синтаксистик түрлөрүн салыштыруу. Жөнөкөй сүйлөмдөрдү немис жана кыргыз тилдеринде ооз эки сүйлөштө колдонуш өзгөчөлүктөрү.

в) немис жана кыргыз тилдериндеги сүйлөмдөрдүн сөз тизмектери, сөз тизмегинин грамматикалык, структуралык жана аткарган кызматтык негиздери. Эки тилдеги сүйлөмдөрдүн коммуникативдик түрлөрү, алардын түзүлүш өзгөчөлүктөрү. Немис жана кыргыз тилдеринде сүйлөө ыргактарын салыштыруу. Сүйлөмдөрдү актуалдык мүчөлөргө ажыратыш маселеси.

г) немис жана кыргыз тилдериндеги жайылма сүйлөмдөр, алардын түзүлүш бөтөнчүлүктөрүн салыштыруу. Кошмо сүйлөмдөр, алардын түрлөрү түзүлүш бөтөнчүлүктөрү. Жөнөкөй кошмо сүйлөмдөр, алардын бөлүктөрүн тутумдаштыруучу каражаттарды салыштыруу. Немис жана кыргыз тилдериндеги татаал кошмо сүйлөмдөр, алардын түзүлүшүндөгү баш жана багыныңкы сүйлөмдөр, баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдү өз ара тутумдаштыруучу синтаксистик каражаттарды салыштыруу. Немис тилиндеги багыныңкы сүйлөмдөрдүн түрлөрү жана маанилер боюнча аларга туура келүүчү кыргызы тилиндеги синтаксистик каражаттар. Немис тилинин татаал кошмо сүйлөмдөрдө кыргыз тилинде маанилеш келчү сүйлөмдөр татаал кошмо сүйлөмдөрдү кыргыз тилине так жана ылдам которушка машыгыш усулуна карата.

4.Лексикалык жана семантикалык типология.

1.Немис жана кыргыз тилдеринин лексикалык системаларынын жалпы өзгөчөлүктөрү жана бөтөнчүлүктөрү. Немис жана кыргыз лексикаларынын калыптаныш бөтөнчөлүктөрү, тарыхый жагдайлары өсүп-өнүгүш жолдору. Тилдерди салыштырып, типологиялык талдоонун негизги бирдиктери – сөздөрдүн универсалдык жалпы мүнөзү жана ар кайсы тилге тиешелүү өзгөчөлүктөрү. Сөздөрдүн тыбыштык түзүлүшү менен ички маанилеринин ортосундагы катыштык байланыштын ар кандай тилдердеги ар түрдүүчүлүктөрү. Денотаттардын же референттердин жалпы мүнөзү жана алардын аталыштарынын – сөздөрдүн тилдердеги көп түрдүүлүгү. Немис жана кыргыз тилдердин сөздөрүнүн ички маанилеринин калыптаныш өзгөчөлүктөрү.

2. Немис жана кыргыз тилдеринин лексикаларынын системалык мүнөздөрү, сөздөрдүн лексикалык-семантикалык маанилеринин бөтөнчүлүктөрүн

салыштыруу. Немис жана кыргыз тилдериндеги сөздөрдүн семантикалык маанилери боюнча топтору: көп маанилүү жана бир маанилүү сөздөр, сөздөрдүн көп маанилүү болуш жагдайлары. Немис жана кыргыз тилдериндеги үндөш сөздөр (омонимдер), маанилеш сөздөр (синонимдер), карама-каршы сөздөр (антонимдер).

3. Немис жана кыргыз тилдериндеги тубаса жана туунду сөздөр. Тубаса жана туунду сөздөрдүн өзгөчөлүктөрүн салыштыруу. Немис жана кыргыз тилдериндеги туунду сөздөрдүн жасалыш ыктары, сөз куруучу каражаттар. Ар түркүн сөз түркүмдөрүнө тиешелүү туунду сөздөрдү жасоочу куранды мүчөлөрдүн салыштырма типологиясы, куранды мүчөлөрдүн түрлөрү.

4. Немис жана кыргыз тилдериндеги фразеологиялык бирдиктердин типологиясы. Салыштырылып жатышкан тилдердин фразеологиялык бирдиктердин түзүлүшүндөгү жана маанилериндеги өзгөчөлүктөрдү талдоо. Ар бир тилдин өзүнө гана мүнөздүү болушкан фразеологиялык бирдиктер, аларды бир тилдеги экинчи тилге которуш ыктары. Салыштырылып жатышкан тилдердеги идиомалык түзүлүштөрүнүн типология

Жыйынтыктоо

Немис жана кыргыз тилдеринин типологиялык жалпы мүнөздөмөлөрү жана немис тилин окуп үйрөнүштөгү интерференция кубулуштарынын түрлөрү, аларды четтетиш маселеси. Интерференциялык кубулуштарга жол бербеш үчүн немис жана кыргыз тилдеринин салыштырма типологиясынын мааниси. Немис тилин окутуш усулунун тилдердин салыштырма типологиясына карата багыныңкы байланышы. Немис жана кыргыз тилдеринин салыштырма типологиясынын илимий теориялык мааниси.

Дисциплинаны окуп-үйронүү боюнча жабдуу каражаттары.

1. лекциялардын курс
2. окуу китептери, хрестоматиялар, сөздүктөр;
3. таблицалар жана схемалар;
4. карталар;
5. фильмдер;
6. дидактикалык каражаттар.

Дисциплинаны материалдык-техникалык жактан камсыздоо

- атайын жабдылган аудиториялар;
  - көрсөтмө куралдар;
  - DVD-ойногуч;
  - компьютер;
  - проектор;
  - CD-, DVD-дисктер.

Текшерүүнүн формалары

Салыштырма типология курсун окутууда төмөнкү текшерүүнүн формаларын колдонсок болот:
Окуучулардын билимин баалоодогу рейтингдик баа.

Салыштырма типология дисциплинасынын аттестациясы болуп текшерүү иши жана экзамен эсептелет. Ошол эле убакта текшерүү формасы баллдык-рейтингдик моделге таянат. Ал эми жыйынтыктоочу сынакта окуучулар окуунун жүрүшүндөгү чогулткан кошумча рейтингдик баасын да алышат. (60 баллдан кем эмес).

Технологиялык картада окуунун жүрүшүндөгү текшерүүнүн формалары көрсөтүлгөн. Ар бир текшерүү белгилүү сандагы балл менен бааланат.
Текшерүү: 1)студенттердин өзүн өзү текшерүү иштери, 2)маек жүргүзүү, 3)берилген суроонун жоопторун угуу, 4) интерактивдуу көнүгүүлөр менен иштөө ж.б. аркылуу жүргүзүлөт.

Сырттан жүргүзүлгөн текшерүү ар бир өткөрүлгөн курстун бөлүктөрүндө кандай болсо жана ар бир модулда ошондой эле студенттер тарабынын өз алдынча иштерин жазуу аркылуу жүргүзүлөт.

Баардык баалар модулдар боюнча чогултулган баллдарды кошуу менен чыгарылат жана жыйынтыктоочу баа чыгарылат.
Баллдарды баага которуучу шкала төмөнкүчө:

1 модуль -25 балл	2 модуль -25 баллов	3 модуль -20 баллов	СРС-15 баллов
0-5 «канаат эмес»	0-5 «канаат.эмес»	0-5 «канаат.эмес»	0-3 ««канаат.эмес»
6-13 «канаатт-к»	6-13 «канаат-к»	6-1«канаат-к»	4-«канаат-к
14-19 «жакшы»	14-19 «жакшы»	11-15 «жакшы»	9-11 «жакшы»
20-25 «эң жакшы»	20-25 «эң жакшы»	16-20 «эң жакшы»	12-15 «эң жакшы»

Билимин баалоо:
3 Негизги тема боюнча текшерүү иши (же тестирлөө) жана 2 проектик иш.
Маанилуу себептер менен сабакты калтырган студенттер үчүн кошумча талап кылуулар:
Мугалим менен сабакты калтыруу себептери боюнча сүйлөшүү жүргүзүү, класстык текшеруу иштерин жана жазуу иштерин милдеттүү түрдө аткаруу.
Жыйынтыктоочу текшерүү:
Окуу планы боюнча 7-семестрдин акырында сынак жургузулот.
Анда:
-теориялык жактан даярдыгы, курстун маселелери боюнча илимий адабияттарды колдоно билүүсү,

-милдеттуу түрдө окулуучу илимий китептер менен таанышуусу
-Өтүлгөн темалар боюнча студенттин анализ жүргүзө билүүсү ооз эки сынак берүүсү менен бааланат

Сунуш кылынган адабияттар

1. Абаев А.И. Отражение работы в лексико-семантической системе языка. Сб.: Ленинизм и теоритеческие проблемы языкознания. М., “Наука”, 1970, 232-262- беттери.
2. Абдыкаимова О.С. Функцианально-семантическое и структурно-семантическое исследование соматических фразеологизмов (на материале кыргызкого и немецкого языков) АКД, бишкек, 1992.
3. Аракин В.Д. Сравнительная типология англиского и русского языков. М., “Просвещение” , 1989.
4. Арутюнова Н.Д. Типы языковыхзначений: Оценка. Событие. Факт. М., “Наука” 1988.
5. Бархударов Л.С. Уровни языковой иерархии и перевод. СБ.: татради переводчика. М. , 1969.
6. Бебалаев А.А. Вопросы истории и теории синтактической номинации (на материале немецкого и кыргызкого языков) Бишкек, “Илим”, 1991.
7. Бенвенист Э. общая лингвистика М., “Прогресс”, 1974.
8. Будагов Р.А. История слов в истроии общества. М., “Просвещение”, 1971.
9. Буранов Дж. Сравнительная типология английского и тюркских языков. М., “Высшая школа”, 1983.
10. Джапаров А. Главные члены предложения в современном киргизком чзыке. Фрунзе, “Мектеп”, 1964.
11. Джолдошбеков А. Немецкие предлоги и их функцианальные соответствия в киргизком языке. Фрунзе, “Мектеп”, 1970
12. Джолдошбеков А. Немецкий артикиль и ему соответствующие элементы в киргизком языке. Труды КирГУ, серия Романо-германская филология и методика преподавния иностранных языков. Вып. 6, Фрунзе 1972, 3-13-беттер.
13. Жапаров А. Кыргыз тилинин синтаксиси. Фрунзе, “Мектеп” , 1973.
14. зеленецкий А.Я. монахов П.Ф. Сравнительная типология немецкого и русского языков. М., “Просвещение” , 1983.
15. Зинлер Л.В. Общая фонетика. М., “Высшая школа” , 1979.
16. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. Фонетика жана морфология. Фрунзе, “Илим”, 1980.

17. Мещанинов И.И. Части речи и члены предложения. Л., “Наука” , 1978.
18. Принципы описания языков мира. М., “Наука” , 1976.
19. Принципы и методы семантических исследований. М., “Наука”, 1976.
20. Принципы типологического анализа языков различного строя. М., “Наука”, 1972.
21. Степанова М.Д., Чернышева И.И. Лексикология немецкого языка. М., “Высшая школа”, 1964.
22. Степанова М.Д., Хельбинг Г. Части реси и проблема валентности в современном немецком языке. М., “Высшая школа”, 1978.
23. Универсалии и типологические исследования. М., “Наука”, 1974.
24. Успенский Б.А. Структурная типология языков. М., “Наука”, 1975.
25. Уфимцева А.А. Слово в лексико-семантической системе языка. М., “Наука”, 1968.
26. Чойбеков Р. Безличные предложения современного немецкого языка и их эквиваленты в киргизском языке. Фрунзе. “Мектеп”, 1974.
27. Языковые универсалии и лингвистическая типология. М, “Наука”, 1969.
28. Ярцева В.Н. Контрастивная лингвистика. М., “Наука”, 1981.
29. Admond W. Der deutschbsu. Leningrad 1972
30. Die deutsche Sprache. Kleine Enzyklopedie. Leipzig. 1976.
31. Jung W. Grammatik der deutschen Sprache. Leipzig. 1971 /
32. Moskaiskaja O.I. Grammatik der deutschen Gegenwartssprache. M. “Vyssaja schkola“ , 1983.
33. Schendels E- Deutsche Grammatik. M-_ “Vyschsaja skola“ 1979-
34. Schippan TH- Leksikologie der deutschen Gegenwartsprache. Leipzig 1987.
35. Stepanova M. D. Oernyseva 1.1. Leksikologie der deutschen Gegenwartssprache. M. “Vyssaja skola“ 1986.
i.